Акча алсаң, абайла!

# Кредиттен ким утат?

Мырзакат ТЫНАЛИЕВ,
“Кыргыз Туусу”

## “Жыргаганымдан жылкычы болуптурмунбу”, же карызды эмнеге алабыз?

*Негизи рынок экономикасы бар өлкөлөрдө кредиттерди алуу кадимки көрүнүш. Ушундай жол менен баштапкы капиталы жок адамдар өздөрүнүн чоң же чакан бизнестерин ачышып, кийин аны өркүндөтүп кете алышат.*

Алыска барбай, өзүбүздүн өлкөнүн мисалынан айтсам, “Шоро” компаниясынын жетекчиси Т.Эгембердиев да алгач кредит алуу менен өз ишин өнүктүргөн, атүгүл, өткөн жылы өзү айткандай, азыркы учурда да кредит менен иштөөдө.

Мамлекет адамдарды тегиз иш менен, туруктуу эмгек акы менен камсыз кыла албаган соң, аларга эч болбогондо өз алдынча иш баштоо үчүн шарт түзүп берүүсү керек. Мына ушул жерден биздеги банк системасынын жана банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин (БЭФКМ) ролу биринчи планга чыгат.

Ошол эле учурда өлкөбүздөгү мурдагы бийликтер убагындагы бир катар банктардын банкрот болуусунан, кредит алуу үчүн документтерди тариздөөдөгү убаракерчиликтердин көп болгондугунан, күрөө маселесинен улам акыркы мезгилде БЭФКМлар микрокредиттерди берүүдө банктарга салыштырмалуу ийкемдүүрөөк болушууда.

Фактыларга токтоло кетели. Улуттук банктын маалыматы боюнча (мындан аркы маалыматтар да ал тарабынан берилген), БЭФКМлардын активдери банк системасынын активдеринин – 31%ын, а кредиттик портфели – 51%ын түзгөн. Банктардын негизинен ири компанияларды жана кредит алуучуларды тейлегенин эске алсак, кардарларынын саны боюнча БЭФКМлар алда канча алдыда экендиги да көрүнүп турат.

Цифраларга токтололу. Өткөн жылдын 31-декабрына карата өлкөдө катталган 931 БЭФКМ иштеген (анын ичинде “Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы” ЖЧКсы да бар), алардын жалпылаштырылган активдери 20 миллиард 369 миллион сомду түзгөн. Бул сумма 2011-жылда эле 20%га, же 3 миллиард 454 миллион сомго көбөйгөн.

Насыя алуучуларга кредиттердин суммасы 15 миллиард 730 миллион сомду жана анын өсүшү 42%ды, же 4 миллиард 642,3 миллион сомду түзгөн. БЭФКМлардын насыя алуучуларынын саны 480 685 адамды түзгөн. Башкача айтканда, акыркы 5 жылда 6 эседен ашуун, же 406 миң адамга өскөн. Мында, банк филиалдары жок калктуу пункттарда БЭФКМнын кызматтары жеткиликтүү болуп жаткандыгы да чоң роль ойноодо.

**Учурда өлкөбүздө коммерциялык банктардан, микрокредиттик уюмдардан кредиттерди алышкан адамдардын арасында кредиттерин өз убагында кайтара алышпай, айрымдары күрөөгө коюшкан үй-жайларынан ажырап калышкан, же ошондой коркунуч алдында турушкандары көбөйүүдө. Салттуу түрдө Ак үйдүн алдында митингге чыгышкандардын арасында мурда саясий талаптарды коюшкандар басымдуулук кылышса, азыр, ушундай экономикалык (“финансылык” десек туура болчудай) себептер түрткү бергендер көбөйүүдө. Ошондуктан бул маселе бийликтегилер тарабынан өзгөчө көңүл бурууга татыктуу деп ойлойм.**




## Насыяларды кимдер алышат?

*БЭФКМнын кредиттик портфелинин 44%ын же 6 миллиард 896 миллион сомун айыл чарбасына берилген кредиттер, 28%ын же 4 миллиард 365 миллион сомун – соода жана кызмат көрсөтүүлөр тармагына кредиттер түзүшкөн.*

Анткени бизде чакан кредиттик каражаттарга муктаж болгондор негизинен үлүш жерлерин иштетип жатышкан элет жашоочулары жана майда соода жана кызмат көрсөтүүлөр менен алектенишкен жеке ишкерлер эмеспи.

Региондор боюнча алганда, БЭФКМнын жалпы кредиттик портфелинин 18,5%ы – Жалал-Абад облусуна, 17,4%ы – Бишкек шаарына, 17,3%ы – Ош облусуна туура келген. Чүй облусу (12,5%) жана Ысык-Көл облусу (10,1%) андан кийинки орундарда турушат.

Бул да түшүнүктүү – мына ушул региондордо, алардын географиялык, демографиялык, климаттык-жаратылыштык шарттарынан улам, башка региондорго салыштырмалуу чакан жана орто бизнес өнүккөн.

## Өнүктүрүү үчүн алгач мыйзамдык база керек

*Микрофинансылоону андан ары өнүктүрүү үчүн Улуттук банк тарабынан микрофинансылык сектордун катышуусу менен “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө”, “Кредиттик союздар жөнүндө” жана “Чет элдик валютадагы операциялар жөнүндө” КРнын мыйзамдарына өзгөртүүлөр жана толуктоолор даярдалган.*

Аларда микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын операцияларынын тизмесин кеңейтүү, микрофинансылык компаниялар үчүн чет элдик валютада кредиттөөгө жана лизингге уруксат берүү, микрофинансылык кызматтардын керектөөчүлөрүнүн укуктарын коргоо принциптерин киргизүү сыяктуу жана башка өзгөртүүлөр киргизилген. Азыр мыйзамдолбоору Өкмөттүн кароосунда турат.

2006-2010-жылдар аралыгына микрофинансылоону өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү стратегиясынын жүзөгө ашырылуусунун жыйынтыктарын эске алып, секторду андан ары өнүктүрүү максатында 2011-2015-жылдарга жаңы Стратегия иштелип чыккан. Анда нормативдик базаны өркүндөтүү, микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын депозиттерин коргоо системасынын концепциясын иштеп чыгуу, сектордо банк операцияларын өнүктүрүү жана керектөөчүлөрдү коргоо принциптерин киргизүү боюнча иш чаралар каралган.

## Акча алсаң, абайла!

*Элибиздин ишкердик активдүүлүгү кубаттоого гана татыктуу, бир гана “бирок” болбосо...*

Башкы көзөмөл органы катарында Улуттук банкты бул сектордогу бир катар проблемалар тынчсыздандырууда. Айталы, КРнын резиденттери тарабынан түзүлгөн уюмдардын көпчүлүгүндөгү жүгүртүү каражаттарынын жетишсиздиги жана башкаруунун сапатынын төмөндүгү.

Бул, өз кезегинде, рыноктун эл аралык финансы уюмдары жана донорлор тарабынан финансылануучу бир нече ири микрофинансылык уюмдарда концентрацияланышына алып келген.

Дагы бир проблема – акыркы убактагы рыноктун “ашыкча ысып кетүү” эффекти. Ал кайрадан кредит алуу жана насыя алуучуларда параллель кредиттердин болуусунан, ошондой эле микрофинансы кызматтарын керектөөчүлөрдүн укуктарынын бузулууларынан көрүнүүдө. Мындай кубулуштардын себептеринин бири калктын финансылык сабаттуулугунун төмөндүгүндө турат. Кредит алып жаткан адамдар карызды кайтаруу мүмкүнчүлүктөрү жана алардын үй-бүлөлүк бюджетине тийип калышы мүмкүн болгон кийинки кесепеттери жөнүндө жеткиликтүү ойлонушпайт. Натыйжада алар кредиттерди кайтара алышпай калышат. Жада калса, мурда бир нече жолу кредит алып жүрүшкөн насыя алуучулар да мындай жеткиликтүү ойлонбогон “тобокелчиликтерге” бара беришет.

## Сабаттуу адам сак болот

*Кредит алуучулардын сабаттуулугун жогорулатуу, демек, алардын тобокелчиликтерин төмөндөтүү боюнча өлкөнүн Башкы банкы дайыма аракеттерди көрүп келет.*

Улуттук банк калкты жана микрофинансылык уюмдардын насыя алуучуларын окутуу үчүн техникалык жардам көрсөтүү өтүнүчү менен эл аралык донорлорго кайрылды. Бул иш чаралардын бүтүндөй комплекси болуп саналат, алар негизинен микрофинансылык уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылмакчы. Улуттук банк тарабынан “Насыя алуучуга эскерткич” иштелип чыгууда, ал өзүнө финансы-кредиттик мекемелердин болочок насыя алуучулары билүүгө тийиш болгон негизги маалыматтарды камтымакчы.

Мындан тышкары, калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча мамлекеттик деңгээлде иш чаралар жүргүзүлүүдө. Мамфинкөзөмөлдүн директорунун 2012-жылдын 11-январындагы №6-б буйругу менен бир катар тиешелүү мекемелердин жана өкмөттүк эмес сектордун, окуу жайлардын өкүлдөрүнөн турган жумушчу топ түзүлгөн. Улуттук банктын демилгеси менен ага Банктар союзунун, Микрофинансылык уюмдардын ассоциациясынын жана кредиттик союздардын өкүлдөрү да кирмекчи. Топ калктын экономикалык жана финансылык сабаттуулугун жогорулатуу программасын иштеп чыгууга тийиш.

Мындай программа учурда Казакстанда бар. Өкмөт тарабынан 2007-жылы 27-июнда калктын инвестициялык маданиятын жана финансылык сабаттуулугун жогорулатуу программасы бекитилген. Ал алгач баалуу кагаздар рыногунун каражаттарын пайдалануу тармагындагы гана билимдерди берүүгө багытталган. Кийин ал олуттуу кеңейтилип, финансы рыногунун бардык секторлордун – банк, камсыздандыруу, пенсиялык, фондулук секторлорду камтый баштады.

Ал эми Россияда калктын финансылык сабаттуулугунун деңгээлин жогорулатуунун улуттук программасынын концепциясы кабыл алынган.

Чынында калктын финансылык сабаттуулугунун төмөндүгү проблемасы өнүккөн өлкөлөрдө да жок эмес. Ошондуктан АКШ, Улуу Британия, Австралия сыяктуу өлкөлөр аны мамлекеттик деңгээлде чечүүнү колго алышкан. Башка көптөгөн өлкөлөрдө да финансылык сабаттуулукту жогорулатуу үчүн улуттук стратегиялар жана концепциялар кабыл алынып жана иштөөдө, ага мамлекеттик бюджеттен каражаттар бөлүнөт. Бул ишке жеке жана коомдук уюмдар да активдүү тартылган. Финансылык сабаттуулук маселелери мектептердин жана ЖОЖдордун милдеттүү билим берүү программаларына да киргизилген.

Ырас, айрым адамдарда КРнын Улуттук банкы бул проблемага мурдатан жетиштүү көңүл бурбагандыгы боюнча суроолор жаралышы мүмкүн. Орустар айтмакчы, “кеч болсо да болгону жакшы”. Эми биздин Башкы банк тарабынан бул багыттагы иштерге көп көңүл бурулмакчы. УБ насыя алуучуларды окутууну баштаганы турат.

Мындай иштин зарылчылыгы макаланы окуган адамга түшүнүктүү. Биздин гезит Улуттук банктын адистери менен бирдикте насыя алуучулардын сабаттуулугун көтөрүү боюнча маалыматтык материалдарга дайыма орун берип турмакчы.